# Мазмуну


| | бети |
| --- | --- |
| 1. Кыргыз элинин тарыхый маалыматтары. | 1-34 |


Иштеген: Жакубов. И.

1946-жыл.

37

л. (345)

(НАЗВАНИЕ УЧРЕЖДЕНИЯ И ЕГО ПОДЧИНЕННОСТЬ)

(НАЗВАНИЕ СТРУКТУРНОЙ ЧАСТИ)

ОПИСЬ №

ИНДЕКС (№ ДЕЛА)

(ПО НОМЕНКЛАТУРЕ ДЕ

ЕД. ХРАН №

ПО ОПИСИ

Жыйнаган: Жакубов и

Тарых жана тил жөнүндө

материал

(ЗАГОЛОВОК ДЕЛА)

(ДАТА–КОГДА НАЧАТО И ОКОНЧЕНО ДЕ

НА ____________ ЛИСТАХ

СРОК ХРАНЕНИЯ

ATRŠUVĒJS
СКОРОСШИВАТЕЛЬ

Инв. (345)-137.

# Мазмуну.

бети


1. Кыргыз элинин тарыхый маалыматтары. 1-34


1946 жыл.

Айткан: ~~(Үсенбаев Мамбеткан)~~

Жазып тапшырган: Жакыпов К.

1 (20)

## Кыргыз элинин тарихый маалыматтары.

„Оттук“ колхозундагы туусу Жапектин айтканы.

Биздин даңктуу эпосторубуз: „Манас“, „Семетей“, „Эр Тоштук“, „Курманбек“ ж. б. сыяктуу чыгармаларыбыз кыргыз элинин байыркы элдигин гана эмес, ошону менен бирге согуштук, салты, үлгү жагынан бир кезде абдан өсүп, өзүнүн сан жагынан азлыгына карабастан калмак, кытай, орус сыяктуу ири мамлекеттер менен жана азыркы коңшулаш болгон казак, өзбек сыяктуу элдер менен тынымсыз согуш жүргүзүп келишкен. нин байкоого.

Согуштун максаты душмандардын өздөрүнүн ата мекенин сактоо гана эмес, айрым учурда башка элдерди өздөрүнө каратууда болгон. Мындай фактыларды кыргыз элинин уруулук составындагы айрымалардан байкоого болот. Ушу кездеги кыргыз элинин составдык жагын текшерип келгенде согушта колго түшүп, же башка элдерден келип кыргыз деген атка кошулкатыш көп элдерди байкайбыз.

М: Азыркы кыпчак, кытай,

Кыргыз эли көп убакыттан бери сабатсыз, согуштук жана малчы чарбанын шартына байланыштуу чачкын болсодо, жалпы элдик, уруулук тарихый окуяларын даңкынын санжыра (өзүнүн учурунда тарихтин милдетин аткарган) аркылуу ушу кезге чейин элинде айтылып келе жатат. Бул сыяктуу санжыранын айтылышынан башка атайын системага салынган тарихый документтердин жоктугу баарыга белгилүү. Ангана эмес, ушу кездеги айыл-тоолордогу кыргыз элинин урууларга бөлүнүшү, айылга,

уруkka бөлүнүштөрү Санжырада көрсөткөн-
дөй болуп байкалат.

## Бугу уруусу жана алардын бөлүнүшү.

Бугу деген уруу ушу кезде белгилүү аймактагы
жашаган элге берилген ат болгон менен
чындыгын текшерип келгенде Бугу деген сөз
кишинин, же жердин, же болбосо урууга коюлган
атайын ат болгон эмес.
Бугу деген ат кийинчерээк гана айрым шартка
байланыштуу аталып кеткен.
Бул ат аймактагы /Ысык-Көл айланасындагы/
гана жашаган белгилүү элге коюлган ат болгон.
Бирок Көл айланасындагы гана жашаган элди
бугу уруусу деп атоого болбойт, анткени-
- биринчиден Көл айланасында бугунун сос-
тавына кирбеген: Саруу, Мундуз, Сайак,
Сарбагыш /Тон, Сары-ой, Көк-Мойноктогу казактар/;
дөөлөс, кушчулар, чериктер сыяктуу элдер бар.
Экинчиден Көл айлана гана эмес, Нарын сыяктуу
башка жерлерде да бугу деген эл жашашат.
Айрым жерлерде бугу деген атак элдин бел-
гилүү жерде жашашына карата гана коюл-
ган дешсе, башка бир жерлерде Бугу деген
кийик элден тарап чыккан эл дешет.
Жогорку сыяктуу эл ичинде айтылып жүр-
гөн жоромолдоонун бардыгы туура эмес.
Анткени алардын бардыгы эл кандай чын-
дыкка байланышта айтбайт.
Азыркы уруунун атагын алып жүргөн
Бугу деген сөз биринчиден жомоктой
гана айтылган шарттуу болчу болсо,
Экинчиден бул ат кийинчерээк гана
коюлган.